**Профессор С.Рысбаевдин студенттер жана окутуучулар үчүн 4 томдугу жарыкка чыкты**

Бүгүнкү күндө адистиктер боюнча заманбап зарыл методикалык куралдар жетишсиз болуп жаткандыгы белгилүү. Ушундай өксүктүктү эске алып, жаңы 2015-жылдын алдында окумуштуу-методист, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман филолог адистиги багытындагы студенттер жана окутуучулар үчүн керектүү 4 томдуу окуу куралын чыгарган. Ал китептер мазмундук жактан «Педагогикалык технологиялар» деген топтомду түзөт жана төмөндөгүдөй аталат:

**1.«Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы»,** көлөмү-293 бет, кыргыздын улуттук фольклорундагы этнопедагогикалык идеялар, элдик тарбия маселелери, тарбия түрлөрү, методдору, принциптери, аларды окуу-тарбия иштеринде колдонуу жолдору ж.б. тууралуу.





Китепте кыргыз балдар фольклорунун изилдениши, анын идеялык мааниси, өзөгүндөгү тарбия-таалим идеялары, тарбия принциптери менен методдору. аларды учурга жараша жаш муундарды тарбиялоодо колдонуу багыттары тууралуу кеңири сөз болот.

Китеп ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин окутуучулары, студенттери, мектеп мугалимдери жана усулчуларына арналат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен.

**2. «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги»,** көлөмү -335 бет, сүйлөө ишмерлиги, жазуу иштеринин түрлөрү, типтери, жазууга үйрөтүү технологиялары, нормативдер, үлгүлөр ж.б.





Китепте эне тилиндеги сөздүн маани-маңызы, сөз билүүсү, аны колдоно алуусу, андан ары окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги, анын илимий мүнөздөмесү, ага коюлуучу дидактикалык талаптар, сүйлөө, жазуу ишмердигине, анын ичинде дилбаян, баяндама, жат жазууга үйрөтүүнүн теориялык практикалык маселелери камтылды.

Изилдөөдөгү көтөрүлгөн маселелер ЖОЖдордун окуучуларына колледждердин, орто мектептердин мугалимдерине, аспирантгарга жана студенттерге усулдук жардам берүү максатын көздөйт.

Китептин 2-бөлүгү доцент А.Акматова менен бирге иштелген.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен.

**3.«Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери»,** көлөмү-302 бет, тилди үйрөтүүнүн дүйнөлүк технологиялары, деңгээлдик система, анын дидактикалык талаптары, теориялык-практикалык аспекттери (кыргыз тилинин мисалында) ж.б.




Китепте окуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун илимий негиздери жана методикалык маселелери, анын ичинде, окуу-ңормативдик багыттагы материалдар менен бирге, кыргш тилинен системалык-деңгээлдик негизде окутуунун талаптары, окуучулар ээ болуучу теориялык жана практикальж компетенцнялар, аны текшерүү принцшггери, методдору, шарттары, каражаттары, окутуунун коммуникативдүүлүгү, коммуникативдик минимум, лексикалык-грамматикалык жана фонетикалык материалдар менен иштөө, текстти өздөштүрүү жумуштары, сүрөт, дидактикалык оюндар аркылуу кеп өстүрүү, ошондой эле тил жатыктырууга машыктыруучу көнүгүүлөр системасы ж.б. орун алган. Ошондой эле, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун концепциясы жана мамлекеттик ставдарты тиркеме катары киргизилди.

Китеп мектеп мугалимдерине, методисттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу маселелерине кызыккан окурмандарга арналат.

**4.«Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш»,** көлөмү-231 бет, аталган предметти окутуунун азыркы технологиялары, окуучунун билимин баалоо маселелери, класстан тышкаркы аткарылуучу иштер, алардын үлгүлөрү, ж.б.




Китепте кыргыз тили жана адабиятыбоюнча окуутучуларга жана мектеп мугалимдерине жардам иретинде илимий-методикалык жана жалпы педагогикалык багыттагы талаптар, андан соң күндөлүк практикада эске алууга тийиш болгон предметтик-методикалык негизги компетенциялар, үлгү болуучу көрсөтмөлөр, тарбиялык сабактардын иштелмелери камтылган.

Ушулар менен бирге, китепте алгач ирет Кыргызстан мугалиминин анты, Кыргызстан мугалиминин ар-намыс кодекси, мугалимдин этикалык принциптери, инсандык жана кесиптик сапаттары тууралуу ойлор менен сунуштар да киргизилген.

Китеп жалпы эле кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптенген мугалимдерге, методисттерге, мектептин окуу бөлүмдөрүнүн башчыларына, айрыкча, жаш мугалимдерге жардам тиери шексиз.

Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2012-жылдын 28-ноябрындагы № 8 отурумунун чечими менен басууга сунушталган.


Эгемендик жылдарынан бери кыргыз тилин, адабиятын окутуу методикасынан жалпы көлөмү 81 басма табакты түзгөн мынчалык көлөмдөгү жана мазмундагы методикалык окуу куралдары чыга элек болчу.

С.Рысбаевдин аталган томдуктарынын бет ачар аземи ушул жылдын 20-февралында Кыргыз Улутук университетинде өткөрүлүүсү пландаштырылууда.

**Маданият тармагынан:**

Балдар жазуучусу, КРнын Өкмөтүнүн балдар адабияты жаатындагы сыйлыгынын, КР Улуттук жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атындагы адабий сыйлыгынын лауреаты, профессор Сулайман Рысбаев балдар үчүн аңгеме, жомок жана жомок-повесттеринин 3 томдугун жарыялады.

**1-тому «Баланын канаты» деп аталып, жалаң бөбөктөр үчүн аңгемелер**





Китепте автордун бөбөктөргө, тестиер жана жеткинчек балдарга арналган жалаң аңгемелери топтоштурулду. Аңгемелер бөбөктөрдүн жан дүйнөсүнө жакын, окуялары жеткиликтүү, түшүнүктүү деңгээлде жазылган. Каармандарынын кылык-жоруктары балдардын турмушун көркөм чагылдырып, аларды адеп-ахлакка үндөө менен, ата-энени, бир тууганды, эмгекти, билим алууну, табиятты сүйүүгө үйрөтөр, курчап турган чөйрөнү таанытар, тилин өстүрөр жана кыял чабыттарын байытар мазмунга ээ. Ширин жана жатык тил менен жазылган.

Автор китепке кирген «Абыл унутчаактын күлкүлүү окуялары» аттуу аңгеме-баянында кенже жашынан баштап балдарды адеп-ахлакка, эң жөнөкөй турмуштук билимдерге, күндөлүк жүрүм-турум эрежелерине, ата менен энеге, бир тууганга, досторуна, окуткан мугалимине мамиле кылуунун элдик үлгүлөрүнө жана да үйдө, коомдук чөйрөдө өзүн-өзү туура алып жүрүүнүн мыкты мисалдарына карата тарбиялоо идеясын Абыл

аттуу баланын образы, анын күлкүлүү жоруктары аркылуу кызыктуу кылып, жатык тил менен айтып берген.

Китепче жалпы эле балдарга, алардын тарбиячыларына, мугалимдерине жана ата-энелерине арналат.


**2-тому «Шамбала» деп аталат жана ал автордук адабий жомокторунан жана уламыштарынан топтолгон.**




Китепте автордун ар кыл жылдарда жазган жалаң жомоктору, уламыштары, жомок пьеса жана тамсилдери топтоштурулду. Мында автор өзүнүн жан дүйнөсүнөн жаралган жомоктору аркылуу балдардын тилин-дилин таап, элпек, чебер калеми менен, бай турмуштук керемет окуялар, сүйүктүү образдар аркылуу балдарга дүйнөнү таанытууну, адеп-ыйманга үйрөтүүнү, дүйнөгө көз карашын калыптандырууну, кыял чабыттарын өстүрүүнү, изги мүнөзүн бекемдөөнү көздөйт. Аруулукка, тазалыкка чакырат. Сергек болууга жана адамга адамгерчиликтүү мамиле жасоого үндөйт, ички дүйнөнүн сулуулугун баалап-барктай билүүгө, жалпы адамзаттын тагдыры тууралуу ой жүгүртүп, өз улутун сүйүүгө жана да жомоктордун ажайып дүйнөсүнө балдардын кызыгуусун арттырат.

Китепке кирген бул чыгармалар балдарды, мектеп мугалимдерин жана жалпы эле жомок сүйүүчүлөрдү кайдигер калтырбайт.

**Ал эми «Сүйлөөчү китеп» деп аталган 3-томдугу жомок –повесттеринен турат.**




С.Рысбаевдин бул китебинде балдарга арналган эки повести кирген. «Сүйлөөчү китеп» аттуу повестте сүйлөөчү китеп тууралуу балдардын кыялынан улам айтылган чоң атанын эзелки жомогу, андагы элдик акылман китептен улуттун акыл-эси, адеп-ахлагы сакталып, элдүүлүгүн жоготпой келгени айтылат. Ал эми экинчи «Умай бала» жомогунда бүгүнкү күндөгү оош-кыйыштуу заман, андагы айрым криминалдуу топтордун балдардын өмүрүнө жана ден соолугуна жасаган зордук-зомбулуктары, заманга жараша балдарга билим-тарбия берүүнүн түйүндүү маселелери, алардын өмүрүн, балалыгын коргоп калуу жана өнүктүрүү үчүн акыл-эстүүлүктүн күрөшү чагылдырылган.

Жомок-повесттин окуясы Жашыл-Нурабат аттуу шаарда бүгүнкү эле күндөрдө болуп өтөт. Ошол шаарда балдарды түрдүү криминалдуу жана кырсыктуу кырдаалдардан сактап калууда автор тарабынан табылган поэтикалуу жомоктук карман Умай бала зор аракеттерди жасайт. Адамдарды акыл-эстүүлүккө үндөө менен, бала тагдыры үчүн улууларды ойлонууга чакырат, дилин тазартууга жетелейт. Акылтайдын образы аркылуу автор бүгүнкү күндөгү кыргыз баласынын жаңы бейнесин тартууга жана аны издөөгө кыйла аркеттенген.

Окуясы кызыктуу, чебер тил менен жазылган бул повести автордун жаңы поэтикалуу табылгалары менен коштолуп, балдарыбыздын жүрөгүнөн орун тапкан сүйүктүү китебинен болуп каларында шек жок.

Аталган 3 томдуктун жалпы көлөмү-825 бетти түзөт.